| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**БАТКЕН ОБЛУСУ**<br>**КАДАМЖАЙ РАЙОНУНУН**<br>**ИСХАК-ПОЛОТХАН АЙЫЛ**<br>**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**<br>**КЕҢЕШИ**<br>Isкhak_polothan@mail.ru | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**<br>**ИСХАК-ПОЛОТХАНСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**<br>Isкhak_polothan@mail.ru |

**Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин сегизинчи чакырылыш кезектеги 6-сессиясы**

**ТОКТОМ №36**

**23.06. 2025-жыл.** **Жениш айылы.**

**Исхак-Полотхак айыл аймагындагы жерлердин бир түрүнөн башка категорияга которуу жөнүндө.**

Исхак-Полотхан айыл аймагынын айылдык кеңешинин сегизинчи чакырылыш кезектеги алтынчы сессиясына сунушталган маселени, айыл чарба, жер, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш жана транспорт боюнча туруктуу комиссиясынын протоколун эске алып, Исхак-Полотхан айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Исхак-Полотхан айыл аймагындагы Жеңиш айылынын Р.Шерматов көчөсүндөгү Х.Сабиров атындагы толук эмес орто мектебинин түштүк тарабындагы Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун айдоо сугат жеринин багытынан “калктуу конуштун жерлерине (социалдык обьект) категориясына которууга (трансформациялоого) макулдук берилсин.

2. Токтомду аткарууга алуу жагы, Исхак-Полотхан айыл өкмөтүнүн башчысы А. Мамасалиевге милдеттендирилсин.

3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл чарба, жер, муниципалдык менчик, архитектура, курулуш жана транспорт боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

4. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңештин регламентинин талаптарына ылайык, ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы, айылдык кеңештин жооптуу катчысы А.Араповага милдеттендирилсин.

**Төрага:** **Г.Матажиев**